**Банктар аралык кредиттик ресурстар рыногу**
*(2016-жылдын октябрь айы)*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде банктар аралык рыногунда коммерциялык банктардын үстөк ликвидүүлүгүнүн орто күндүк деңгээли өткөн айга салыштырмалуу 1,5 млрд сомго (+9,9 пайызга) чейин көбөйгөн.

Ички банктар аралык кредит рыногунда улуттук валютада, чет өлкө валютасында стандарттык бүтүмдөр жана репо бүтүмдөр өткөрүлгөн. Мында, аталган бүтүмдөр жылдык 1,4 пайыз (-0,2 п.п), 2,0 пайыз жана 1,9 пайыз (+0,2 п.п.) орточо салмактанып алынган чен боюнча өткөрүлгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде ички рынокто улуттук валютада стандарттык бүтүмдөр көлөмү 8,2 пайызга төмөндөө менен 91,8 млн сомду түзгөн. Чет өлкө валютасында бүтүмдөр көлөмү 17,8 млн сомду түзгөн. Репо шартында операциялар көлөмү 3,5 эсе көбөйүү менен 513,0 млн сомду түзгөн.

**1-график. Ички банктар аралык кредит рыногунда операциялар көлөмүнүн жана пайыздык чендердин динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде Улуттук банктын “овернайт” кредиттерине суроо-талап мурдагы ай сыяктуу эле жок болгон. Мында, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы коммерциялык банктардын 212,7 млрд сом суммасындагы (+18,2 пайыз) каражаттарын “овернайт” шарттарында депозиттерге жайгаштырууну уланткан.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде кредиторлордун концентрациялануу индексинин 0,07, 0,29 чейин төмөндөшү байкалган, ал эми дебиторлордун концентрациялануу индекси тескерисинче 0,10; 0,36 чейин көбөйгөн. Аталган индекстердин мааниси рыноктун концентрациялануусунун жогорку деңгээлин көрсөтүп, рынокто үч негизги кредитордун жана үч карыз алуучунун катышкандыгына дал келет.

**2-график. банктар-резидент эместер менен чет өлкө валютасындагы бүтүмдөр боюнча банктар аралык кредит рыногунда операциялар көлөмүнүн жана пайыздык чендердин динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде банктар-резидент эместер менен чет өлкө валютасында кредиттик бүтүмдөрдүн 56,5 пайызга, 749,0 млн сом эквивалентине чейин төмөндөшү байкалган. Банктар-резидент эместер менен ишке ашырылган кредиттик операциялар боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен өткөн айдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 0,20 п.п. көбөйүү менен 3,8 пайызды түзгөн.

**1-таблица. Улуттук валютадагы банктар аралык кредиттердин динамикасы (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | | Көлөмү (млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү(млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) |
| 2015 | 10 | 100,0 | 1,0 | 12,0 | | | | | | | | | 100,0 | 12,0 | | | | | | | | |
| | 11 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 12 | 798,2 | 6,0 | 11,2 | | | 490,0 | 11,0 | 240,0 | 11,0 | | | 68,2 | 14,0 | | | | | | | | |
| 2016 | 01 | 340,1 | 3 | 14,2 | | | 40,1 | 10,5 | | | 300,0 | 14,7 | | | | | | | | | | |
| | 02 | 390,0 | 2 | 12,7 | | | 290,0 | 13,0 | | | 100,0 | 12,0 | | | | | | | | | | |
| | 03 | 190,0 | 2 | 12,8 | | | | | | | | | | | 100,0 | 10,0 | 90,0 | 16,0 | | | | |
| | 04 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 05 | 170,0 | 2 | 12,2 | | | | | | | | | | | | | | | 170,0 | 12,2 | | |
| | 06 | 50,0 | 1 | 3,5 | | | | | | | 50 | 3,5 | | | | | | | | | | |
| | 07 | 150,0 | 3 | 5,3 | | | | | 100,0 | 3,5 | | | | | | | | | 50,0 | 9,0 | | |
| | 08 | 100,0 | 2 | 3,5 | | | | | 100,0 | 3,5 | | | | | | | | | | | | |
| | 09 | 100,0 | 2 | 3,5 | | | | | 100,0 | 3,5 | | | | | | | | | | | | |
| | 10 | 91,8 | 2 | 1,4 | | | 32,0 | 1,3 | | | 59,8 | 1,5 | | | | | | | | | | |

**2-таблица. Коммерциялык банктардын репо операциялары (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | | Көлөмү (млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү(млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) |
| 2015 | 10 | 521,3 | 23 | 8,9 | 140,5 | 8,2 | 254,5 | 8,7 | 126,3 | 10,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 11 | 533,8 | 11 | 8,5 | 109,2 | 8,6 | 424,6 | 8,5 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 12 | 611,9 | 11 | 11,0 | 206,0 | 8,2 | 151,5 | 9,9 | 155,2 | 14,4 | 99,4 | 13,0 | | | | | | | | | | |
| 2016 | 01 | 1010,7 | 34 | 10,0 | 341,4 | 9,7 | 591,1 | 10,0 | 78,2 | 11,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 02 | 870,9 | 23 | 11,3 | 77,0 | 8,6 | 646,8 | 11,5 | 147,1 | 11,7 | | | | | | | | | | | | |
| | 03 | 467,2 | 11 | 7,1 | 104,0 | 7,3 | 169,4 | 4,7 | 193,8 | 9,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 04 | 475,2 | 8 | 2,1 | 5,9 | 2,0 | 64,8 | 1,5 | 307,4 | 2,4 | 97,0 | 1,5 | | | | | | | | | | |
| | 05 | 498,5 | 9 | 1,5 | 16,2 | 2,0 | 120,3 | 1,5 | 362,0 | 1,5 | | | | | | | | | | | | |
| | 06 | 135,1 | 3 | 1,1 | | | 69,5 | 1,3 | 65,6 | 1,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 07 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 08 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 09 | 147,4 | 5 | 1,8 | 31,1 | 2,0 | 45,6 | 2,0 | 70,8 | 1,5 | | | | | | | | | | | | |
| | 10 | 513,0 | 17 | 1,93 | 249,1 | 2,0 | 62,4 | 1,8 | 201,6 | 1,9 | | | | | | | | | | | | |